# "Жоокер тилеги"

**Сөзү: Д. Сатыбалдиев**
**Обону: Д. Сатыбалдиев**

- Он сегизге толду курак
  Ойноп гулдөп тураар убак
  Бирок бизди ата-мекен
  Коргосун деп күтүп турат
  Кучагыма кысам улам
  Сени жаным кыйбай турам
  Жигит болуп төрөлгөнсон
  Мекен үчүн кызмат кылам

**Кайырма:**

Анда кош бол жан сүйгөнүм
Мен ар дайым кат күтөмүн
Сен болочок генералдан
Үмүтүңдү эч үзбөгүн
Сен ыйлаба жан сүйгөнүм
Мен күтөмүн кат күтөмүн
Сен болочок генералдан
Үмүтүңдү эч үзбөгүн

- Мекен үчүн ант аламын
  Чек араны кайтарамын
  Тозоттордо бекем туруп
  Жоонун мизин майтарамын
  Кыргыз элден бата аламын
  Жүрөгүм курч жаш баламын
  Сержанттардын сөзүн угуп
  Жоокерлике такшаламын

**Кайырма:**

- Кыргызымдын жерин коргойм
  Эл жериме уят болбойм
  Ажалга тике карап
  Баатырлардын жолун жолдойм
  Калкан болом катылганга
  Ок боломун атылганга
  Колум сунуп достошомун
  Колдоп турган асыл жанга